**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**
**АК-СУУ РАЙОНУ**

**ЭҢИЛЧЕК**
**АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АК-СУЙСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**
**ЭНИЛЧЕКСКОГО**
**АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА**

Эңилчек айылдык аймагынын айылдык кеңешинин XVIII чакырылышы
10 сессиясы

# Т О К Т О М

**2023-жылдын 25-июлундагы № 11** **Эңилчек айылы.**

**Эңилчек айылдык аймагынын 2023-жылдын бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнүн пландык көрсөткүчтөрүнө өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Эңилчек айылдык аймагынын 2023-жылдын бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнүн пландык көрсөткүчтөрүнө өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө финансы-экономикалык бөлүмүнүн башчысы Айпиева Айдай Исмаиловнанын докладын, «Бюджет, финансы жана экономика» боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы С.Б. Ногоевдин кошумча докладын угуп жана талкуулап, ошондой эле «2023-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджети жөнүндө» мыйзамын жетекчиликке алып, Эңилчек айылдык аймагынын айылдык Кеңеши **ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** 2023-жылдын айылдык аймагынын бюджетинин киреше бөлүгүнүн 1.1.1.1.1.1.0.0. кодундагы "Салык агенти төлөгөн киреше салыгы" салык кирешенин пландык көрсөткүчү 200,0 миң сомго көбөйтүлсүн.
**2.** 2023-жылдын айылдык аймагынын бюджетинин "Жарандык коргоо жана өзгөчө кырдаалдар боюнча иш чаралар" 7022 функциянын кодундагы чыгаша бөлүгүнүн 2.2.2.2. "Учурдагы чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды алуу" статьясынын пландык көрсөткүчү 200,0 миң сомго көбөйтүлсүн.
**3.** Эңилчек айылдык аймагынын 2023-жылдын бюджеттин кирешелер жана чыгашалар бөлүктөрүнүн пландык көрсөткүчтөрүн толук аткарууга багытталган иш чараларды регулярдуу түрдө ишке ашыруу жагы Эңилчек айылдык аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Б.А. Усубакуновго милдеттендирилсин.
**4.** Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Эңилчек айылдык аймагынын айылдык кеңешинин «Бюджет, финансы жана экономика» боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы С.Б. Ногоевге тапшырылсын.

**Төрага** **А.У. Исмаилова**